КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
СЕМЕТЕЙСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Семетей айыл аймагынын айылдык кеңешинин 1-чакырылышынын 7-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №62**

**4-сентябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Иштөө убактысы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Н.Жапаровдун 2025-жылдын 14-августундагы №27-19633-тапшырмасын ишке ашыруу алкагында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 "Үй-бүлөлүк майрамдарды жана аза салттарын тартипке келтирүү чаралары жөнүндө" Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын "Тынчтык жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын камсыздоо максатында, Семетей айылдык кеңеш такуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Семетей айыл аймагында жайгашкан бардык салтанаттуу иш-чараларды аяктоо менен бирге ресторандардын, банкет залдарынын, жайкы кафелердин жана ушул сыяктуу жайлардын иши саат 22:00дөн кечиктирбестен токтотулсун.

**2.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 8-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №63**

**23-сентябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Семетей айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 30-январындагы №5 токтомуна озгортүү киргизүү жөнүндө**

Манас райондук мамлекеттик администрациясынын акимдин биринчи орун басары Р.Джеенбековдун 2025-жылдын 15-сентябрындагы №01-18/2686 жана Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун 2025-жылдын 22-сентябрындагы №01-10/622 сандуу кайрылуусун угуп, талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 31-беренесин жетекчиликке алып, Семетей айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1**. Семетей айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы киреше салыгы 39738,2 мин сомго бекитилген, иш жүзүндө түшүүчү сумма 32107.2 миң сомду түзүүдө. Жыл башында ашыкча бекитилген киреше салыгы түшпөгөндүгүнө байланыштуу, киреше бөлүгүнөн 7631,4 миң сомго кыскартылып, чыгаша бөлүгүнүн төмөндөгү бөлүмдөрүнөн 7631,4 миң сомго кыскартылсын.

| | |
|---|---|
| 70111 - Аппарат бөлүмүнөн | 2215-беренесинин – 3393,5 миң сом |
| | 3112 – беренесинин – 731,6 миң сом, |
| 70821 - Китепканадан | 3112 – беренесинен - 710,0 миң сом, |
| 70862 - Культурадан | 3111 – беренесинен – 400,0 миң сом, |
| 70921 - Мектептен | 3111 – беренесинин – 818,8 миң сом, |
| | 3112 – беренесинин – 145,0 миң сом, |
| 70911 – Бала бакча | 2218 – беренесинин – 1041,5 миң сом, |
| | 3112 – беренесинин – 391,0 миң сом, |
| **Жалпы суммасы:** | **7631,4 миң сом** |

**2**. Иш алып баруу жагы Семетей айыл окмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы З.Шабданбековага милдеттендирилсин.

**3**. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 8-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №64**

**23-сентябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Бала-Саруу айылына бала-бакча куруу жөнүндө**

Семетей айыл аймагына караштуу Бала-Саруу айылына, Талас облусунун өнүктүрүү фондусунан бала-бакча куруу жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун 2025-жылдын 22-сентябрындагы №01-11/728 сандуу кайрылуусун айылдык кеңеш угуп, талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Семетей айыл аймагына караштуу Бала-Саруу айылына, Талас облусунун өнүктүрүү фондусунан бала-бакча курууга макулдук берилсин.

**2.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 8-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №65**

**23-сентябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Кара-Арча айылына бала-бакча куруу жөнүндө**

Семетей айыл аймагына караштуу Кара-Арча айылына, Талас облусунун өнүктүрүү фондусунан бала-бакча куруу жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун 2025-жылдын 22-сентябрындагы №01-11/728 сандуу кайрылуусун айылдык кеңеш угуп, талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Семетей айыл аймагына караштуу Кара-Арча айылына, Талас облусунун өнүктүрүү фондусунан бала-бакча курууга макулдук берилсин.

**2.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>СЕМЕТЕЙ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>СЕМЕТЕЙСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Семетей айыл аймагынын айылдык кенешинин 1-чакырылышынын 8-кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ №66**

**23-сентябрь 2025-жыл** **Семетей а.**

**Муниципалдык ишкана жөнүндө**

Муниципалдык ишкананын типтүү уставы жана ЖОБОсуна ылайык, ЖПБ, таза суу, тазалык, жашылдандыруу, жайыт, СПАнын ж.б. калкка кызмат көрсөтүү тартибин жөнгө салуу максатында, ошондой эле, көчөлөрдү жарыктандырууга аларды оңдоп түзөп, сырдоого жана айыл ичиндеги жолдорго трубаларды орнотуп, иш алып барууга акча каражатын бөлүп берүү жөнүндөгү Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Рыскуловдун кайрылуусун айылдык кенеш угуп, талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

**1.** Семетей муниципалдык ишканага иш алып баруу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 469 170 сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

**2.** Иш алып баруу жагы Семетей айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы З.Шабданбековага милдеттендирилсин.

**3.** Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Семетей айыл өкмөтүнүн башчысы К.Р.Рыскуловго тапшырылсын.

**Төрага** **Т.У.Джапаркулов**